МАНАС ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ПАТРИОТТУК САЛТЫН

КӨРСӨТКӨН УЛУУ МУРАСЫ.

Ак шумкарын алып жоногону калат
Омол учурда чачыкей ойчонун караса Семетей
атына мишин жоногону калат
Жугудун чачыке эшике чыгып Семетейдин
атын жылоолор турун:

Сагоруц болот кышыц жез тором
Аттанба сапар ушул кез тором
Кылычыц болот, кышыц жез тором
Аттанба сапар ушул кез тором
Тундо бир жатып тушкордум
Тушумдо жаман иш кордум
~~Калуздагы~~ Белиндеги ный болот
Ортосунан сынып тыр
Астыцдагы тай буурул
Адырды карай качып тыр
Колуцдагы ак шумкар
Асманды карай сызып тыр
Мына ушутин калыптыр
Жаман иш болуп жатыптыр. Дин
чачыке аярлык кылып семетейди

Колунда кушун алалык, астында
атын алалык, бугун дуну биз кылатыз
дин маакулдашын. Жоо эки айгырды
эткун милишин уйун коздой жонон
семетейдин уйуно келе жатса
чачыкей! Уул эле уул
оо бала еле оо бала дин
кыйкырат. Ошол кундон ушул кунго
чейин. Оч бир оодо карон жакшы
сов айткан эле эки ошол кулу
чачыкенин уул эле уул, оо бала еле
оо бала дин эле чейин булгалан
чакырганына тац калат да
экоо жарышын отурун уйго
келет. келсе чачыке! оокат берин
экоо эки отук берин, эки экоолук
берин турун чачыке! уул сага кен
айтам, оо бала сени уксун дин айтам
эгер бугун кимде кимдер авацын
атын качырбай, колунда кушун

3 ул. Гоголя

анда селетай: ичиси жакшы чыккан соц
авасынын астынан
колунда кушун алычуу
астында атын шинуучу
дон Кулчорожун колуна кушту кондура
берет. жолдо бара жатышка, жолдо
эч жакшы Ак була жатат. аны
Селетай карун Кулчорого: Бул ак булан
ал ак куржунга сал. бул булалын
баасы кылбат, токпай чачпай ал дейт.
(Чачыке, Кулчоро менен ханчорого: Ак була
корсоцор албачыла, Ак болык корсоцор
ак шумкарды салба, Ак куу болсо
ага да ак шумкарды салдырбачыла
деп айткан) Анда Кулчоро барабер
ава мен жыйын алам-дейт да бир
Сурдун ийнинне атынын коюн
кетс берет. андан ары барса Ак болык
Сууда абдан ойнон жатат. Ошондо
селетай жоона; Бугун мен жецец-
ди абдан кана кылын койчомун.

3 уч. тетрадь

-12-

Бул балыкты ольон барын Колго
Салын өйнотун коннун эчин
көйон дейт. Аида кулгоро: Ава [illegible]
мунуу кийин алабыз дан альп журуп
кетет. Эжурун отурун бир Колго барса
Аида алтын мотоо аккуу балырга
башын салын, балыкты сууруп алып
[illegible] кетет да [illegible]. Ушуе
[illegible] Сол дейт. Аида
[illegible] Ава [illegible] куу жен
Бечен болгон куу жен [illegible]
[illegible] Мурун [illegible] барын
[illegible]
[illegible] Атасы [illegible]
[illegible] Кайтыш
[illegible] Кайтыш
[illegible] куу [illegible]
[illegible] Салын, балыкты сууруп алып
[illegible] кез болот.

МАНАС ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ПАТРИОТТУК САЛТЫН

КӨРСӨТКӨН УЛУУ МУРАСЫ.

Семетей, Кулчорого Кушту куугa сал
ден буюрат. Бурк Кулчоро ана салам
мына салам ден кушту алып
качат. Ошол кезде Семетей;
Кул кутурса колго кайдумак салат
куу кутурса Котуро сомойдо салат
дечу эле бул кулдун кутурчанын
кара ден аркасынан куун отурун
жетип келип колундагы кушту
Семетей тарыпын алып барып
ак кууга салат. куунуу куш, Кушту
куу кучактан отурун калат.
Ошондо Семетей: куунуу кушум алды
кудай берин салды кулдарга
шыйдыц болбодум ден Калемпир
кошкон сыр наспай таудайына
Сахын, тацырайын тиктен
калат. ошол кезде: ооо карай
куу тартып, вылдый карай куш
тартып, кокту карай куу
тартып, Жерди карай куш тартып

3 уч. тетрадь

[illegible] болбостон, бо полосе
болбостон. Ослаиса кушту алын
[illegible] Аида селетайдин
[illegible] турганда Канчоро
[illegible] Аба ачуу [illegible] келдиби
[illegible] барар жерин да билет
[illegible] да билет.
[illegible] суроуда
[illegible] аида кулчоро
[illegible] Аба ушуе арам
[illegible]
[illegible] туран
[illegible] Аидан
[illegible] Экзобузго [illegible]
[illegible]
[illegible]
[illegible] барар жерин
[illegible] билет. Себеби
[illegible] алдырба, Ак бальше
[illegible] Ак шумкарды салба

Ак куу коркоцор да ак шумкарды
Салдырба. Эгер авандын колунда
кушун качырбай, астында атын
качырбай алып келсеңер озумдон
кичуу наргул деген Сиздин бар
кишиңер алып келсеңер ошонуцарго
берем деген. Ден семетейге
айтат, Анда семетей:
Кушумдун кеткен жагын айтсын
Бергин жагын айтсын. Эгер
айтын берсе, устуно гуну албаймын
уйрултун калчы салбаймын
астына куну албаймын, артылтын
калчы салбаймын, Эгер муну
айтпаса, коче атасынын торунан
кер жорго минин шалкылдан
кец чачпек жондо жаркылдан
келди эле атасынын торунан
эгер айтпаса, кер жорток минин
шалкылдан, кемитай кийин
талпылдан атасынын торуно

3 ук. 1 стр. 99

[illegible]

Бирбуга конбосоц атацын тарука
Кер жорток минин шалнылдан
Келинтай кийин шалкылдан
Барын калат жеисиц андан
Коро айта кой жеце дейт,
Анда Чачыкей: Эз кул, сокто
Шумкар билгидей Кокто кайт
Мен белем, Коро койгон сен белец
Асманда шумкар билгидей
Асманда кайт мен белем
Аздыт турган сен белец дей
Айтканда кулсоронул ачуусу
Келин: Кара кандан козу элем
Кан селетей озу элем
Чыйырчыктан козу элем
Чыи селетей озу элем
Ким кул дей сабай баштайт,
Ошон кезде Чачыкей ойлы дуун
Каныкей кирин келет. Келгенде
Кулчорю тисериле берет.

3 ур. тетрадь

Куперо самостоятельно и другими авторами
Куперу хватает изобретательности
вводит описания. Устье большого
течения Миссисипи. Дорога открытия
на запад, путешествие Дарнея Бекона
Бекон, Бекон, Бекон, Бекон, Бекон
Бекон, Бекон, Бекон, Бекон, Бекон
Бекон, Бекон, Бекон, Бекон, Бекон

[illegible] Кулчоро. Сен саламайтсам
[illegible]тайсыц. Сөрпилин уйдон чыкпайсыц
[illegible] башыц кесин, өшектей
кардыц. Ошин таштайтбы дөн
бакыргандa, Сарытаз:
Өө балам сен кимсиц мелин
тушумда доо жок жоо жок,
эмне болду дөн сурайт, анда
кулчоро: Семетейдин кушу кетин
колунан, жаман болун жолунан
кушун ак жу ала качып кетти
аны качыпе билет өсен визди
айтпчурин бүрсин дөн келдим
дейт анда сары таздын кок чолок
дөнн атын токунан анисе
өөрге кочуру батпай семирин
калгол өкен, толпоудотун
сомпоудотун отурун семетейдин
Уйуна алып барып тушурөт
ошол кезде Сарытаз Чачыкеге:

оп.
ов

3 ул. Гоголя

Да бачим, Исидора ову алегорију
у Пушкиној песми Слепи Арбанас
Аминица ову алегорију
Вампирског песника Слепог Арбанаса
Вампирског као алегорију
Вампирског песника у Пушкиној
песми, мислим:
Да Слепи Арбанас вампир није
једини вампир код Пушкина
Вампирског песника Слепог Арбанаса
Вампирског песника Слепог Арбанаса
Вампирског песника Слепог Арбанаса

МАНАС ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ПАТРИОТТУК САЛТЫН

КӨРСӨТКӨН УЛУУ МУРАСЫ.

Жалпысы тоолго (жүзгө) толушун
көөдө. Коңшулаш уруулар эле эмес
чоң-кичү, эркек-аялына чейин
айтаарына жеңил айтып көё берүүчү
сүйлөмдүү болуп сүйлөп көё берүүчү
эмеспи:

Бизгелешип жашасак
Бизге уруу кордошуп
Кеңешелешип көчөсөк
Кереге уруу кордошуп.
Жүрүшүп көпөлөк бүтүрүп
Жөнөп жеткен жерге дейин
Айтып көёт. Мына ошо жерде
Сөзгө бай, билимдүү, көпчүлүктүн
Сүйүп аккулуп чаап бүлөт. ошол
Үчүн. Жөнөп чыгарып алып келгенге
Жетпей ой жоруп алып келгенге
Жетпей ой жоруп, ойлуу-толуу
Өзүнүн ой-пикирин айтып
Үлгүсүн көрсөтүп, ошондой

ди аттын турганда Семетей
Аттын минин жолдого калыпын
жоо жарагын алып эки инисин
эрчитин он торт гулук аттын
айдатын айгудоктун шаарын
коздой бот алып жудун калат.
жудун отурун бешинчи юуну бешинде
бир карол карай турган боз добого
чыгып карап ошол жерге
токтошот Семетей дурбусун
алып айгудоктун шаарын
коздой ~~[illegible]~~ бурган турун
карайт карага Палдыктын
суусу тацынтыр тал башынан
ашыптыр. тубу менен сал агат
карагай кайыц тал агат. бурулун
аккан жерлери бута аттын кара
зоо болун. кайрылып аккан жерлери
карайган кара зоо болун аттай
кара балыгы ~~[illegible]~~ Чекесинде Короюн

[illegible]

МАНАС ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ПАТРИОТТУК САЛТЫН

КӨРСӨТКӨН УЛУУ МУРАСЫ.



Кир. С.С.Р.

Город Фрунзе. Киргизский Филиал Академии Наук С.С.С.Р. Институт Истории Языка и Литературы Деректору Давлаткелдиеву.

Ошский область. Узгенский район Торт-Кулский Совет. К за им. „Путь к коммунизму"

Алданов Байшери.

ОШСК. ОБЛ.

С. М. Кирова



МАНАС ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ПАТРИОТТУК САЛТЫН КӨРСӨТКӨН УЛУУ МУРАСЫ.

Элдик чыгарма - бул бир эле кишинин чыгармасы эмес. Ал ооздон оозго көчүп, көп адамдардын редакторлугуна алынып, улам барган сайын бир нече өзгөрүүгө, кошумчага учурап тура турган элдик мүлк. [redacted].

Ошондуктан, эпоско же жалпы эле эл чыгармачылыгына бир эле кишинин керт башы менен ойлонулуп, жазылып алынган чыгарма катарында мамиле кылып, анын тескери жагын жулуп алып, бүткүл элдин мүлкүнө нааразылык пикирин көрсөтө коюш менимче адилеттүүлүккө жатпайт[redacted].

"Манас" эпосу - кыргыз элинин кылымдардан бери түзүлүп келген мүлкү. Бирок, ал озунун кылымдар бою ыралыкпай омур сурун келе жаткан дарихинде чыныгы элдик мүнөздө болгон гүлкү каспедин сакран калаалганы жок. Ал бир нече коомдук дүзүлүштөрдүн ар дүрлүү тактик → макасаддарын көрсөткөн ойлору агып барып, кошулган дедазге айланды. Анын элдик идеяда айтылган тунугунан жана ошол эле элдик идеяда айтылып келе жаткан "Манас" эпосуна кирип кеткен элге жат диндик ылайларды алып таштап, эн сонун элдик эпос түзүүгө жетишерлик түрдө мүмкүнчүлүктөр бар. Анткени, "Манас" эпосунун элдик мүнөздө айтылган варианты эл арасында өтө көп. Ошол көп варианттардын бири катарында Саякбай Каралаев, Ибраим Абдрахманов, Жалал-Абад областынын жаш манасчысы Искендеровдун оозунан "Манас" эпосунун жаны варианттары жазылып алынды.

Бул жазылып алынган варианттарда эч кандай диндик аралашма жок. Мисал үчүн Каралаев Саякбайдын вариантынын мазмуну төмөнкүдөй берилген:

Чет Бээжин деген жерде калмактын Молто аттуу каны болот Молто таласта тынч жаткан кыргыз элине кол салып басып алат. Мал-мүлкүн талап алып, ~~хиимхкол хаимхбаси~~ элин кулак угуп, көз көрбөгөн ~~ар кайсы жактагы~~ түпкүрлөргө чилче таратып айдап жиберет. Ошондо кыргыздын бир уругу ~~хакмих~~ Жакып 40 үйлүү кыргыз менен Алтайга көчүп барышат. Ал жерден да калмактар кыргыздарды катуу эзип, адам көрбөс кордукту көрүшөт. Кийинчерээк Манас төрөлөт. Манас төрөлгөндө Молто: "Манас чоңойсо, биздин түбүбүзгө жетет. Андан көрө ушул баштан кемелеине келе элегинде" өлтүрүп тыйпыл кылгыла деген буйругун желдеттерине берет. Желдеттери кыргыздын бир жаштан алты жашка чейинки балдарын зордук менен жок кылат. Манасты жазгырып аман алып калат. Кийинчерээк Молтонун тыңчысы Чаңдаяктын берген кабары аркылуу, Манасты байлап алып жок кылуу үчүн экинчи жолу Музкиндикти 6 миң төөгө жүк жүктөп, ~~бирмиих~~ бир нече желдеттер менен жиберет. Музкиндикти желдеттери менен Манас байлап алып, 6 миң төөдөгү мүлктү элине таратып берет. Мындан кийин Манас чоро курат. Калмактан Алмамбет Манаска келет. Алмамбеттин Манаска келишинин себеби, чет Бээжинде жарым кандык кылып турган Азызканды Коңурбай жектеп, элин, жерин басып алып, Азизканды тентитип жиберет. Алмамбет өз элинин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшүп, өз элин Коңурбайдын эзүүсүнөн бошотуп

алгысы келет. Ага Алооке, Эсенкан, Конурбайлар болбойт. Алмамбет аларга каршы согушат. Бирок жалгыз өзүнүн колунан эч нерсе чыкпасына ишенип, Таластагы Манаска барат.

Ушул учурда Алтайдагы кыргыздардан чыгымды көп алып кыныгып калган орто Бээжиндин каны Алооке кыргыздарды басып алыш үчүн көп кол менен Таласка согуш ачат. Манастын баатырлыгы аркасында Алооке өлтүрүлөт. Көкөтөйдүн ашы болуп, ашка калмактан Конурбай, Жолой баш болгон көп эл келет. Ашта Конурбай кыргыз элин басып алыш үчүн ар түрдүү амал ойлойт, жок жерден чатак чыгарат. Бул чатакты Манас өзүнүн айлакердиги, баатырдыгы аркасында басат. Конурбай элине барып, атасы Алоокенин кунун кууш үчүн көп кол менен Манаска каршы согушууга жөнөйт. Буга каршы Манас көп колу менен согушуп, Конурбайды женет. Чт Бээжиндеги Алмамбеттин элин, жерин Конурбайдын өзүүсүнөн бошотот. Алмамбетти өз элине алты ай кан көтөрөт. Манас өзүнүн колунун көпүлүгүн Таласка жөнөтүп, чоролору менен гана калат. Конурбай акырындык менен кол курап экинчи жолу Манаска каршы согушат. Бул согушта Алмамбет, Сыргак өлөт, Аккула окко учат. Манас катуу жарадар болуп Таласка келип өлөт_.

"Манас" эпосу кыргыз элинин көп кылымдардан берки жашап келе жаткан маданиятын, элдик салт, үрп-адаттарын көрсөткөн улуу мурасы. Чабылып-чачылып, жоо колунан кордук

көрүп ар кайсы жакка тарап кеткен кыргыз элинин башын коштуруу-
га, бирдиктүү түрдө тышкы душмандарга каршы турууга карата
айтылган, эл тарабынан түзүлгөн баатырдык эпос. Мына ушул
элдик мурас болгон кыргыз элинин баатырдык эпосун марксизм-
ленинизм классиктеринин эл чыгармачылыгын кандайча пайдалануу
керектиги жөнүндөгү теориялык көрсөтмөлөрүнүн негизинде гана
туура баалашыбыз керек. Республикабыздын партиялык басма сөз
органы болгон "Кызыл Кыргызстан", "Советская Киргизия" газе-
таларынын беттеринде "Манас" эпосу жөнүндө өз пикирлерин ай-
тып чыккан жолдоштордун кээ бирлери /Т.Нуров, П.Балтин,
Шерстюк/ бир жактуу көз карашта болгон ойлорун элге тартуу
кылышты.

Биз мындай пикир боюнча Манас эпосунун чыныгы элдик эпос экендигин, же эски уруучулдук феодализм коомунда жаша-ган реакциячыл мүнөздөгү эпос экендигин чече албайбыз. Ошон үчүн бул маселени чечүүдө "Манас" эпосунун бардык варианттарын толук түрдө окуп чыгып, анан ал жөнүндө ачык пикир, кеңири түшүнүк берүү керек.

Албетте "Манас" эпосунда буржуазиячыл улутчулдардын таасири аркасында киргизилген пантюркизм, панисламизмдин идеялары бар. Бул жагынан "Манас" эпосунун идеялык багытын ачууда жолдош Нуров туура маселе койгон. Бирок "Манас" эпо-

сунун бир мүнөздүүсү болгон "Чоң казат" бөлүмүн алып, ага карап эпостун бүткүл тагдырын чечип коюшу, анын элдик таламды көрсөткөн прогрессивдүү жактары боюнча ооз ачпай калуусу адилеттүү пикирге жатпайт. "Манас" эпосунда элдин тилегин, максатын көрсөткөн, патриоттук идеяда айтылган оң жагы да бар. Ошон үчүн эпосту туура баалоодо анын элдик жагын да көрсөтүү зарыл нерсе.

В.И.Ленин Клара Цеткин менен болгон аңгемесинде өткөндөн калган чыныгы сонун мурастардан "эскилиги" үчүн гана алардан тескери карап кете албайбыз, алар биздин маданияттын "келечекте өнүгүшү үчүн башталгыч учуру" катарында керек деп көрсөткөн./Клара Цеткин. Воспоминание о Ленине, М. 1925 г. 38-б/.

Демек "Манас" эпосун да эски убактардан калган мурас катарында пайдалануу, аны тескери идеядагы бурмалоолордун тазалоо эң керектүү маселе.

"Манас" эпосу да, кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхында узак убактардан берки эл тарабынан айтылып келе жаткан маданиятынын бир көрүнүшү болгон эстелиги. Ал эч бир кем калбастан кыргыз элинин тарихи менен кошо доордон доорго, кылымдан-кылымга өтүп эл арасында өзүнүн кадыр, баркын жоготпостон асыл зат катарында кадимкидей сакталууда.

Жол. Нуров менен П. Балтиндин "Манас" эпосун эски патриархалдык-феодалдык доордо жашаган кан-феодалдардын мақсатын көздөгөн эпос деп бүт бойдон бир уу болгон ак сөөк төбөлдөргө өткөрүп бериши "Манас" эпосун туура баалабагандыкка жатат. Көп жылдардан берки жашап келе жаткан кыргыз эмгекчилерин көлөмдүү чоң чыгарма чыгарууга жараксыз эл катарында корутунду чыгаруусу чындыкка туура келбей турган жорук. Кыргыз эли өзүнүн чыгышы жагынан эң алгачкы элдердин бири болуп саналат. Академик В.В. Бартольд: "Кыргыздар Орто-Азиянын эң байыркы элдеринин катарына кирет. Азыркы убакта Орот-Азияда турган элдердин ичинен кыргыздар сыяктуу аты тарихта эң эле эрте учураган бир да эл жок болсо керек" - дейт. /"Кыргыздар", 1943-ж. 13-бет/. Демек кыргыз элинин эчактан берки жашап келе жаткан тарихында анын экономикасы, маданияты болгонбу? Сөзсүз болгон. Кыргыз эли да Орто-Азиядагы башка элдердей эле өздөрүнүн эркин, көз карандысыз жашоолору үчүн дайыма күрөшүп келишкен. Муну бизге тарих ачык далилдейт.

Ан чейин болбосо да кыргыз элинин жабылып-чачылган элдеринин башын кошуучу, тышкы басып алуучуларга каршы бирдиктүү түрдө күрөшкө чакырган алдынкы катардагы адамдары болгон. Ал адамдардын образдары Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро жана башкалардын элеси аркылуу берилген. Мындай адамдардын

баатырдык иштерин, патриоттук эр жүрөктүүлүгүн жакшы санаа, илгери үмүт менен ооз экилей айтып келишкен. Алардын эл үчүн кызмат кылган адилеттүү максаттары эмгекчил массанын арасына кенири таралган. Эмгекчил эл ал баатырлардын жакшы салттарын ырдабай коё алышканы жок. Ырдашты, ырдаганда да көлөм жагынан дүйнөлүк адабияттын кенчине кошулуп, "элдик поэзиянын океаны" деген наамга татыктуу болгон "Манас" эпосун жаратты.

Кыргыз элинин өткөн турмушу жазылган летописи, тарихий ~~мурастарининкалганыжок~~ мемуары ~~мурастар~~ сакталып калганы жок. Бирок, анын ыр, жомок, ылакап, макал түрүндө болгон толуп жаткан оозеки чыгармалары сакталып калды. Алардын ичинен "Манас" эпосу кыргыз элинин өткөн доордогу маданиятынын эң бир зор эстелиги катарында элге терең синди. Мындан бир кылымдай мурун улуу орус элинин окумуштуусу академик Радлов, казак окумуштуусу Ч. Валиханов "Манас" эпосун кыргыз элинин турмушунун, билиминин оозеки энциклопедиясы катарында, анын тарихинын оозеки летописи катарында кыргыз элинин өткөндөгү улуу ата бабаларынын жайын, алардын баатырдык, патриоттук салтын сүйлөгөн улуу чыгармасы катарында баалашкан. "Манас" эпосунун жогорку идеядары элдик жагын өз эмгектеринде ачык айрым далилдешкен. "Манас" эпосунун элдик жагын жана элге каршы турган пантюркизм, панисламизмдик идеяда турган багы-

тын ачууда эки негизги себепти эске алуу керек: I-"Манас" эпосун кесип катарында эл арасында ырдап жүргөн манасчылардын коомдук чөйрөсү таптык көз караштары кандай болгон? 2-"Манас" эпосуна буржуазиялык-улуттук дарыян таасири кандайча тийген.

I- Ар бир доордогу "Манас" эпосун аткаруучу ырчылар жомокчулар адетте мурунтадан берки айтылып келе жаткан эпостун түпкү нускасы боюнча айтпайт. Эпостун негизги үлгүсүнө, жолуна салуу менен ар бир эпосту аткаруучулар өзүнүн жашап жаткан коомдук түзүлүшүнүн агымына, өз заманындагы негизги маселелерге, өз табынын мүдөөсүнө карата өздөрү да жаңы нерселерди кошуп, кээ бир бөлүмчөсүн алып таштоо менен эпосту курастыра барган. Ошентип, "Манас" эпосунун көлөмү кеңип, улам барган сайын жаңырып, өсүп отурган. Ага ар бир доордун үнү кошулуп, ар бир коомдук түзүлүштүн эн тамгасы түшө берген.

— Ар бир эпосу аткаруучулар өздөрүнүн таптык көз караштарынан ар түрдүү максаттарын, тилектердин көрсөтө келишкен.

Үстөмдүк кылуучу таптардын үнүн үндөп, алардын максатын көздөгөн манасчылар эпосту бузуп айтышкан. Мындай манасчылар XIX кылымдын акыры XX кылымдын башында Балык, Тыныбек, Сагымбайлар болгон. Булар өздөрү да бийлөөчү таптардын катарында жүрүп, манаптык даражага жетип, эл бийлеген адамдардын катарында турган. Алар ислам динин туруктуулук менен

кабыл алып, аны эл арасына кеңири таратуучу идеологдордон болушкан.

Бул манасчылар өздөрүнүн кадыр-баркын жогору көтөрүп эл көзүнө даана көрүнүш үчүн элдик мүнөздө айтылып келе жаткан "Манас" эпосун өз табынын үстөмдүк кылуучу эзүүчүлөрүнүн таламына ынгайлаштырган. Алардын заказы, берген консультациясы аркылуу "Манас" эпосуна диндик идеяны жамаштырышкан. Байманаптардын, кожо-молдолордун дегенин дегендей, айткандай кылып аткаргандыктан, алар ошол ак сөөктөрдүн алдында кадырдуу болушкан. Бул фактылар жогорку манасчылардын биографиялык материалдарынан ачык көрүнөт.

Жогорку манасчылардын таасири тийип, алардан үйрөнүү боюнча айткан Шалак Рысмендиев, Багыш Сазанов, Молдобасан Мусулманкулов өндүү манасчылардын варианттарында панисламизмдин идеялары да пантюркизм, жетишерлик түрдө көздөшөт.

Экинчиден "Манас" эпосуна пантюркизм, панисламизм идеяларынын кирип кетишине жергиликтүү буржуазиячыл улутчулдардын таасири да катуу тийген. Бул улутчулдар "Манас" эпосун жыйноодо, жаздырууда эпоска туура мамиле кылбастан, өздөрүнүн улутчулдук идеяларын "Манас" эпосу аркылуу иш

жүзүнө ашырууга аракеттенишип келишкен. Айтып жаздырып жаткан манасчыларга консультация берип, эпосту айтуучулардын оюна койбостон жок нерселерди коштурушкан, эпостун негизги каарманы Манасты эл үчүн кызмат кылдырбастан, дин үчүн күрөшүүгө чейин алып барып такашкан. ~~Буржуазиячыл улутчулдар кыргыз элинин улуу орус ~~душмандыкхмехех~~ эли менен бирдикте, достукта жашоосуна душмандык менен каршы турушкан. Кыргыз эмгекчилерин турциялык эзүүчүлөргө кул кылып берүүнү көздөшкөн.~~ "Манас" эпосундагы дин үчүн болгон согуш мына ушул улутчулардын талабы боюнча да киргизилген.

"Манас" эпосундагы мындай кемчиликтер ВКП/б/нын согуштан кийинки кабыл алган = азабият жокундогу идеологиялык токтомдорунда чейинда жашап келди. Кийинки күндөрдөгү буржуазиячыл улутчулдук бети ачылган /Саманчин, Байжиев, Бектенов/ эл душмандары да "Манас" эпосун туура баалашкан эмес. Булар да "Манас" эпосун тескери идеядагы жат элементтерден тазалоону көздөшкөн эмес. Кайра "Манас" эпосун изилдеп, бастырып чыгарууда эч ондоосуз, тазалоосуз эле эски хан, феодал сыяктуу ак сөөк төбөлдөрдүн мүдөөсүн көздөгөн идеялар көбүрөөк кирген варианттардан бир нече томдорду даярдаган.

Мына ушул өндүү ар бир доордун мансчылары өздөрүнүн дооруна карай же өздөрүнүн керт башына бүткөн акындык таланттына ылайык "Манас" эпосунун сюжеттик унгусуна дайыма жардамчы бутактарды кошуп отурушкан. Манасчылыкты кесип кылып, айылдан айыл кыдырып дайыма ат жалында жүргөн жомокчулар кайсы таптык катмарга же топко туш келсе, өз учурунда ошолордун суроолорун канааттандырып айтышкан. Ошондуктан "Манас" эпосу угуучулар арасында канчалык таптык катмары болсо, ошолордун ой-пикирин, идеологиясын, таптык күрөшүнүн бардыгын жыйынтыктап айткан кол жеткис эпос болуп чыккан.

"Манас" эпосу өзүнүн алгачкы чыгышынан ХУШ кылымга чейин эч кандай дин кошулбастан элдик мүнөздө болгон, жалпы эмгекчилердин таламын көздөгөн түпкү нускасы боюнча эл арасында айтылып келген. Ал эми ХУШ кылымдан кийин кыргыз элине ислам динининн таралышы менен "Манас" эпосуна диндик элементтердин таасири тие баштаган. Көп кошумчаларга, өзгөртүүлөргө учураган. Мындай кошумчалар айрыкча коконн хандыгынын тушунан баштап күч алган. Бул мезгилдердеги үстөмдүк кылып турушчу таптар, кожо, молдолор "Манас" эпосу аркылуу ислам динин кенири жайылтуу үчүн күчтүү аракет кылышкан.

Алар көп убактардан бери эч кандай диндик кошумчасыз элдик мүнөздө айтылып келе жаткан "Манас" эпосун динге каршы эпос катарында эсептешкен. "Манас" эпосун аткаруучу жомокчуларды киши ордуна да самашкан эмес. "Ырчы жүрө берет, ит үрө берет", - деген макал менен манасчылардын баркын төмөн түшүрүп, алардын эмгегин, ~~жжжжжжжжжж~~ акындык талантын ~~жжжжжжжжж

биримдигин камсыз кылуу үчүн:

"Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак бараңдын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун,
Ак албарстын мизи урсун,
Сыр найзанын учу урсун". - деген ант ичет.

Эл милдетин аткарыш үчүн мындай ант ичүүсү, "Манас" эпосунда дин ~~милдетинхаткаришхүчүнхмындайханх~~ болбогондугун далилдейт.

Эгерде "Манас" эпосунда дин болгон болсо, анда эпостун каарманы башынан аягына чейин диндик идеяны туу катары кармайт эле. Бирок Манаста мындай касиет жок. Манас дин менен толук түрдө эсептешпейт. Кайсы бир учурлардагы башына түшкөн оорчулукта кожо, молдолордун эки жүздүүлүк жалганчы экендигинин бетин ачат. Кожо, молдолорго кайрылып, алардын кеңешин угуу, айтканына көнүү Манастын милдети эмес. Ошон үчүн Манас, душман менен согушуп жүрүп кечигип келген Чубакты көргөндө:

"Кожом, кожом деп койсо,
Кожурап калат экенсиң.
Жок немени көп айтып,
Жобурап калат экенсиң,
Айдирейип Айкожо,
Алдаганын бар кожо,

Намазын өзүн ала гой,

Артыгым Чубак келатат,

Бейишин өзүн алагой,

Бергеним Чубак келатат

Кырк чоронун кыйыны,

Кымбатым Чубак келатат" - дейт.

"Манас" эпосундагы жогорку белгиленген кемчиликтерге карап, аны элге каршы турган реакциячыл мүнөздөгү эпос деп шашылыш түрдө корутунду чыгарууга болобу?

Менимче "Манас" эпосуна мындай мамиле кылуу кылымдар бою кыргыз эмгекчилеринин поэтикалык күчү менен түзүлгөн улуу мурасын бүт бойдон жеригендикке жатат. ~~[illegible]~~. "Манас" эпосу чыныгы элдик эпос. Анын элге таандык экендигин кылымдар бою эл арасында сүйкүмдүүлүк менен ардакталып өзүнүн касиетин жоготпостон, доордон-доорго, замандан заманга тумардай ~~хйткнин~~ чуркап айтылып келе жаткан "Манас" эпосунун өзү далилдейт. Эгерде "Манас" эпосу элге таандык болбой, уруучулдук феодализм доорундагы бир ууч гана болгон хан, феодал өндүү ак сөөк төбөлдөргө таандык болсо, анда "Манас" эпосу ушунчалык узак мезгилге дейре өмүр сүрбөстөн, өзүнүн эпостук касиетин эчак жоготкон болор эле.

Ошондуктан, жогорку катмардан болгон ак сөөк төбөлдөрдүн кыргыз элинин улуу мурасы болгон "Манас" эпосуна эч кандай тиешеси жок. Алар элдик эпосту бурмалап жок кылууга, анын элдик касиетин төмөн түшүрүүгө гана жарамдуу.

"Манас" эпосу сыяктуу кеңири көлөмдөгү улуу эпосту түзүүгө эл, коллектив гана жарактуу. Эмгекчилер, өздөрүнүн түзгөн поэтикалык чыгармаларындагы каармандардын образдары аркылуу жакшы санаа, илгери үмүттө болгон тилектерин, келечектен күткөн максаттарын фантазиялык ойлоо аркылуу көрсөтүшкөн.

А.М. Горький: "Баатырлардын эң терең, эң айкын жана көркөмдүгү жагынан абдан жетилген түрлөрүнүн - типтери фольколордо, эмгекчилер элдин оозеки адабиятында гана түзүлгөн. Геркулес, Прометей, Микула, Селянинович, Святогор, Василиса Примудрая сыяктуу толук баатырларды, иши оңуна келе бере турган апенди Иванды, өлүмдү жеңе турган Петрушка сыяктуу көркөм баатырлардын образын түзүүгө элдин акылынын, оюнун, сезиминин, тажрийбасынын бирдейлигинде. Мындай келүү фольклорду түзүүчүнүн болушу жасоого, турмушту жаңыртуу күрөшүнө тикеден тике хатышы бардыгын деп билү керек"- деген.

I/ Совет жазуучулар союзунун I-с"езд. I934-ж. 8-бет.

Ушул эле сыяктуу кыргыз эли өздөрүнүн көп убактардан берки өмүр сүрүп келе жаткан тажрийбалары, ойлору, санаалары аркылуу тилек катарында "Манас" эпосун түзүшкөн.

Манас да башка элдердин фольколорундагы өтө чектен ашыра сүрөттөлгөн, мификалык мүнөздө түзүлгөн кыргыз элинин легендарлык баатыры. Өздөрүнүн жашаган турмушунда оорчулуктун, көз карандылыктын, талоончулуктун кайгылуу күндөрүн башынан өткөргөн кыргыз эли Манас сыяктуу баатырларды самашкан. Кыргыз эли өздөрүндөгү болгон достукту, патриоттуулукту, гуманизмдикти, туруктуулукту, боорукердикти ж.б. жакшы элдик сапаттардын бардыгын "Манас" эпосуна топтогон.

Киргыз элинин Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Семетей жана башкалар өндүү баатырларды күн мурунтан эңсегендиги "Манас" эпосунда ачык көрсөтүлөт. Талоончулук, басып алуучулуктан мүнкүрөгөн кыргыз эли Манастын төрөлө тургандыгын, ал эл үчүн кызмат кылып, душмандардан өч алып кыргыз элинин башын кошо тургандыгын күн мурунтан билишет.

"Добул келсе жел тийбес,
Булун токой чер болор.
Калын элдин баштыгы,
Кабылан Манас чер болор,

Быркырап кайгы чачылар,

Кайран кабак ачылар" - деген жакшы тилек менен

жоромолдойт. /Каралаев С. I том, II бет/.

Кыргыз эли өздөрүнүн ушул өндүү энсөөлөрү аркылуу оозеки чыгармачылыгында түзүп алган баатырын жаратылыштагы болгон заттардын эч бирине теңебейт. Алардын образдарын сүрөттөгөндө адам таң кала турган укмуштуудай кылып көрсөтөт. Башкача айтканда кыргыз элинин легендарлык баатыры Манас:

"Алтын менен күмүштүн,

Ширөөсүнөн бүткөндөй.

Асман менен жериндин,

Тирөөсүнөн бүткөндөй,

Айын менен күнүндүн,

Бир өзүнөн бүткөндөй,

Ай алдында дайранын,

Толкунунан бүткөндөй,

Абадагы булуттун,

Салкынынан бүткөндөй" - кылып элестетилет.

Албетте эпостогу Манастын образынын мындай түрдө берилиши - ал "Манас" эпосунун элге таандык болгондугу. Эпостогу эл таламын талашкан Манасты эч нерсеге теңебестен өтө жогору баалагандыгы.

Кыргыз эли "Манас" эпосундагы он каармандар болгон: Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Семетей, Сейтек, Каныкей,

Айчүрөк, Күлчоро ж.б. дын элестери, мүнөздөрүн, психологиясын өздөрүнүн поэтикалык сезиминин эң жогорку көркөмдүктөгү устаттыктары менен ишт**е**шкен. Ошон үчүн "Манас" эпосун кыргыз эли эч бир танбастан сүйүп, кадырлап угушат. Анын угуучулары ал каармандардын муну менен мундаш, жыргалы менен тең орток болуп, өздөрүн ошол каармандар менен кошо жүргөндөй сезет. Кыргыз элинин эркин турмушуна каршы турган Конурбай өндүү душмандарга кыжыры келип, ага каршы Манас менен кошо согушка киргендей болот. "Манас" эпосун аткарып жатканда, анын угуучуларынын арасынан көп адамдардын каармандардын кыйынчылыкка туш келген жеринде ыйлап жибериши, же болбосо, иши онунан чыгып жеништүү жерине барганда, кыйкырып сүрөп отурушу буга далил.

Мындай болгондон кийин "Манас" эпосунун азыркы учурдагы эмгекчилерди коммунисттик духта тарбиялоодо пайдасы барбы? Менимче сөзсүз бар. Эмгекчилерди патриоттуулукка гумандуулукка, достукка, боорукердикке, туруктуулукка тарбиялоодо "Манас" эпосу да таасирин тийгизбей койбойт.

Совет эли өзүнүн баатыр өткөн ата-**ж**б бабаларынын наамына,м алардын патриоттук салтына сүйөнө келген эл. Бөштондук үчүн жүргүзүлгөн күрөштөрдө эрдиги менен атка конуп баатыр өткөн ата-бабаларын совет эли ар дайым эрдактап келген.

Советтик патриотизмдин түп тамыры элдердин өткөндөгү тарихы менен, анын эпостору, жомоктору менен байланыштуу экендигин М.И. Калинин өзүнүн "Коммунисттик тарбия жөнүндө" деген эмгегинде ачык түрдө көрсөткөн.

Анда: "Советтик патриотизмди биздин элдин өткөн тарихынан ажыратып, ага байланышсыз үгүттөөгө болбойт. Ал өз элинин сонун иштеринин патриоттук сыймыктары менен арбытылышы керек. Советтик патриотизм - биздин элдин өнүгүүсүн илгерилеткен ата-бабаларыбыздын чыгармачылык иштеринин тупадан туура мурасчысы эмеспи...

Демек советтик патриотизмдин түбү элдик эпостордон башталып, эң алыскы өткөн доорго барып байланышат. Ал ~~ким~~ эл жараткан бардык сонундарды өзүнө синирип, анын бардык ийгиликтерин сактаганын урматтуу улуу милдети катарында эсептейт" - деген. /М.И.Калинин. "О коммунистическом воспитании", 1940-ж. 11-бет/.

"Манас" эпосун да ушул сыяктуу кыргыз элинин узак мезгилдерден бери сактап келе жаткан эң сонун, эң ардактуу мурастарынын улуусу.

Ошон үчүн "Манас" эпосунун элдик жагын көрсөтүүдө, анын ар түрдүү кошумчаларын ажырата билип, эпостун алгачкы

мезгилдеги сюжеттик түзүлүшү боюнча этияттык менен баалаш керек.

Рас, "Манас" эпосунда кемчиликтер көп кездешет. Азыркы кезде КирФандын фондусунда сакталып турган "Манас" эпосунун 13 варианты болсо, анын көпчүлүгү пантюркизм жана панисламизмдин таасири аркасында киргизилген диндик кошмолордон кур эмес. Ал эми диндик кошмолору жокко эсе болуп, элдик мүнөзүндө айтылган варианттарда бар. Айрыкча Саякбай Каралаевдин варианттында дин ан чейин ардакталбайт. ~~Саякбай Каралаевдин айтуу боюнча "Манас" эпосунун жалпы вариантынын башынан аягына чейин диндик кошмолор, басып алуучулук, өзгөчөлүгү, ошондой диндик көзкарастар

Ошондуктан "Манас" эпосундагы жогорку кемчиликтерди жоюп, кошумчаларын алып таштап, эски варианттарынан да, жаңы варианттарынан да пайдаланып эл үчүн жогорку идеялуу көркөм эпос түзүүгө толук мүмкүнчүлүк бар.

Марксизм-ленизизм классиктери байыркы замандын адабий мурастарына дурус мамиле кылууну үйрөтөт. Ал адабий мурастардан пайдалануу маселелерине келгенде аны марксисттик сын көз менен карап, өзүбүздүн социалисттик курулушубуз үчүн болгон күрөшкө байланыштырып пайдаланышка үйрөткөн.

Адабий мурастарды текшерүү, андан дурус пайдалануу адам баласынын тарихын, тап күрөшүнүн мүнөзүн дурус түшүнүүгө жардам кылат. Адабий мурастардан пайдалануу жөнүндө жолдош Молотов ВКП/б/ нын XУШ с"ездинде:

"Эч кир күчтү аябастан адабият мурастарын үйрөнүш керек. Аны жетиштүү түрдө терең билиш керек. Капитализм жана андан мурдагы адам баласынын тарихы бергендердин бардыгы менен пайдаланы жана нечен жүз жылдар бою кишилердин эмгеги менен түзүлүп элдин турмушу үчүн женил, эркин, жарык жана жаркыраган жаңы үй салыш керек", - деген.

"Манас" эпосу, социалисттик улуу октябрь революциясына чейинки жашаган кыргыз эли үчүн, угуп тарбия ала турган адабияты,

көрүп көнүлүн ача турган театры, өздөрүнүн башынан өткөргөн турмуштары менен тааныштыра турган тарихы, өздөрү жашап келген жер, суу, тоолорун билдире турган географиясы, ~~жыжыжык~~ улуттук маданиятынын өзгөчөлүгүн көрсөтө турган этнографиясы, архитектурасы, искусствосу болгон. Демек, "Манас" эпосунун кыргыз элинин өткөндөгү турмушунун ар түрдүү шарттарын билдирүүдөгү ролу зор. Анын тескери жагына карагандан элдин таламына, оюна, тилегине дал келе турган артыкчылыгы көбүрөөк.

Жыйынтыктап айтканда "Манас" эмгекчил элдин жомогу, ага бай-манаптардын тиешеси жок. Бирок, бай-манаптар, алардын идеясын жүргүзгөн улутчулдар ага таасирин тийгизбей койгон жок . Ошол жат идеядагы жугундулардан "Манас" эпосун арылтып, аны эмгекчи элге кайтарып берүү биздин негизги милдеттерибиздин бири болуп саналат.

СССР Илимдер Академиясынын Кыргызстан
филиалынын Тил, адабият жана тарих
институтунун илим кызматкери
Исмаилов Касым.

Арт. 920-16
Цена 1 р. 60 к.

ММП—РСФСР
Промкомбинат Калининского района
г. Ленинград

Тип. ЛИСИ Зак. 70 Тир. 50000 16.4.1952 г.